| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ<br><br>САДЫР АКЕ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

**Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышынын кезексиз 21-сессиясы**

# ТОКТОМ

**2023-жылдын декабрь айынын 22си №107** **Григорьевка а.**

**Садыр аке айыл аймагынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетин бекитүү жана 2025-2026-жылга болжолдуу долбоору жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Бюджеттик кодексинин" 78-беренесинин 2-пунктун жана Садыр аке айыл аймагынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетин карап, талкуулап чыгып Садыр аке айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Садыр аке айыл аймагынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинин көлөмү кирешелер жана чыгашалары боюнча 12767,3 мин. сом (он эки миллион жети жүз алтымыш жети миң үч жүз сом) өлчөмүндө анын ичинен:

-жергиликтүү бюджеттен 10608,0 миң сом (он миллион алты жүз сегиз миң сом)
-тендештирүүчү грант 1259,3 миң сом (бир миллион эки жүз элүү миң үч жүз сом)

-атайын каражат эсеби 900,0 миң сом (тогуз жүз миң сом) өлчөмдө өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен бекитилсин

2. Садыр аке айыл аймагынын 2025-жылга карата жергиликтүү бюжет кирешелер жана чыгышылары боюнча 14 092,7 миң сом ( он төрт миллион токсон эки миң жети жүз сом) өлчөмүндөгү долбоору жактырылсын.
3. Садыр аке айыл аймагынын 2026-жылга карата жергиликтүү бюжет кирешелер жана чыгышылары боюнча 14823,7 миң сом (он төрт миллион сегиз жүз жыйрма үч миң жети жүз сом) өлчөмүндөгү долбоору жактырылсын.
4. Жыл ичинде акча-каражаттын сарпталышы бекитилген бюджет боюнча жүргүзүлсүн.
5. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.
6. Токтомдун аткарылышы Садыр аке айыл Өкмөтүнүн башчысы А.Б.Орозалиевке жана ФЭБтин башчысы Н.У.Сыдыковага милдеттендирилсин.

7. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы «Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү боюнча» туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Б. Чичканбаев**

*Жиберилди- А/Өкмөтүнө-1, Каржы бөлүмүнө-2, Обл.юст.башк.-2.*